| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясынын**

**№ 33 ТОКТОМУ**

28 03. 2025-жыл Арал айылы

**Атай айыл аймагында турак-жай куруу үчүн бир жанга берилүүчү жердин өлчөмүн бекитүү жөнүндө**

Атай айыл өкмөтүнүн 20.03.2025-жылдагы № 01-12/809 сандуу чыгыш катын карап, Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин "Айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар" боюнча туруктуу комиссиясынын корутундуусун угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VIII сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 6-майындагы №177 токтому менен белгиленген жеке менчик турак жай куруу үчүн жер участогун берүүнүн өлчөмү, Атай айыл аймагында бир жанга берилүүчү жердин өлчөмү 10 сотыхтан деп бекитилсин.

2. Токтомду аткаруу жагы Атай айыл өкмөтүнүн жер адиси П.Наймановага жана Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А. К. Жаныбаевке милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык Атай айыл өкмөтүнүн расмий маалымат сайтына жарыялансын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы "Айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар" боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**